УДК 82.09:82.532.1
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-292-296

**ОТОРБАЕВ Б.К.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**ОТОРБАЕВ Б.К.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**OTORBAYEV B.K.**
KNU J. Balasagyn

ORCID: 0009-0006-8664-6428

# А.САСПАЕВДИН «САРАЛА ИТ» АТТУУ АҢГЕМЕСИ ЖАНА ПРОФЕССОР К.АРТЫКБАЕВДИН АГА КАРАТА АЙТКАН ПИКИРИ БОЮНЧА БААРЛАШУУ САБАГЫ

## РАССКАЗ А.САСПАЕВА «РЫЖАЯ СОБАКА» И УРОК-БЕСЕДА ПО ОТЗЫВУ О НЕМ ПРОФЕССОРА К. АРТЫКБАЕВА

## THE STORY OF A. SASPAEV "RED DOG" AND A LESSON-CONVERSATION ON THE REVIEW OF HIM PROF. K. ARTYKBAEVA

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада жазуучу А.Саспаевдин «Сарала ит» аңгемеси, темасы, идеялык мазмуну, убагында жаш сынчы жана адабиятчы К.Артыкбаевдин гезитке жазган сынынан улам далай талаштуу жагдайларды жаратып, чыгарманын авторун бир топ түйшүктөргө кириптер кылышы, адабиятчынын пикиринин, адилеттүү сынынын талданып, ички катылуу «сырынын» чечмелениши тууралуу айтылат. Макала ушул азыркыга чейин акырына дейре ачыкталбай келген көйгөйлүү жагдайды чечмелеп берүүгө жасаган аракети менен баалуу. Ал эми класста өтүлчү баарлашуу сабагы катары маанилүүлүгү өзүнчө сөз.

**Аннотация:** В статье рассказывается о рассказе писателя А.Саспаева «Рыжая собака», тематика, идейное содержание которого в свое время были высоко оценены молодым критиком и литератором К.Артыкбаевым. В его газетной критике говорится о том, что рассказ создает много спорных ситуаций, погружает автора произведения в немалые заботы, анализирует мнение, приведя справедливую критику, интерпретирует внутреннюю тайну в ней. Статья ценна своей попыткой интерпретировать эту проблемную ситуацию, которая до сих пор не была раскрыта до конца. А важность проведения беседы по теме как урока в классе – это отдельное слово.

**Abstract:** The article describes the story of the writer A.Saspaev "The Ginger Dog", the subject matter and ideological content of which were highly appreciated by the young critic and writer K.By Artykbaev. His newspaper criticism says that the story creates many controversial situations, immerses the author of the work in considerable worries, analyzes the opinion, giving fair criticism, interprets the inner mystery in it. The article is valuable for its attempt to interpret this problematic situation, which has not yet been fully disclosed. And the importance of having a conversation on a topic as a lesson in the classroom is a separate word.

**Негизги сөздөр:** баарлашуу сабагы; инсан катары жетилтүү; көйгөйлүү жагдай; жашоо жөндөмү; чыгармадагы гумандуулук; адилеттүүлүк маселеси.

**Ключевые слова:** урок общения; формирование личности; проблемная ситуация; жизнеспособность; гуманность в произведении; вопрос справедливости.

**Keywords:** communication lesson; personality formation; problematic situation; vitality; humanity in the work; the question of justice.

Жазуучу Аман Саспаевдин «Сарала ит» аңгемеси кыргыз орто мектебинин IX классында окутулат. Тексти окулуп бүтүп, аны ар тараптуу талдоого киришүү, баарлашуу сабагын баштап жатып, адабият мугалими бул жерде педагогика илимдеринин доктору, профессор Б. Алымовдун айтып-жазганын айныгыс факты келтире кеткени туура болчудай. Аалымдын андагы айткан пикири төмөндөгүдөй:.

«Анткени менен «Сарала ит» А. Саспаевди кыйла убарага салды, бирок анын атагын чыгарып, алыска тааныткан да ушул аңгеме. …Арийне, маани-маңызына терең

үңүлүп кирбей, желдирип баратып, ат үстүнөн бир караган адамга аңгемеде жан дүйнөңдү, ички сезимиңди козгоп жиберчү анчалык деле эч нерсе жоктой байкалат. Баарынан коркунучтуусу, партиянын ошол кездеги идеологиялык саясаты боюнча «бул аңгеменин идеясы калпыс» деп анын авторуна саясий айып коюп, же: «Ажал жетсе адам да өлөт. Ээ, бир каңгыган жолбун ит өлсө өлгөндүр. Тема табылбай калгансып, мунун эмнесин жазгандай», – деши да мүмкүн болчу. Дал ушул чен-өлчөм менен бааласак, «Сарала ит» түккө турбайт. Анткени айылдагы бүт адамдарга, кала берсе өзүнүн кандаш-тектеш ит «журтуна» – дегеле бүт жандуу-жансызга батпай, каңгып жүргөн бир дейди ит «ууру» деген жаман атты менен атылып өлөт. Аңгемедеги бар болгон окуя ушул. Ошол кездеги көз караш менен караганда, окуянын ушундай «жупунулугу», «маанисинин бүдөмүктүгү» ырасында да аңгеме жөнүндө ар кандай ой чаргытууга өзүнөн өзү «жем таштап» отурат.

Жазуучу таржымалында аңгеме туурасында жазылган сынга болгон наразылыгын жашырбаптыр. Аны да түшүнсө болот. Ата конушу көздөн учуп, Кытайдан жаңы эле келип, агасынын эски үйүн оңдоп алып, эми бир жаңсыл чыгармачылыкка киришип, эптеп күн көрүп келатканда, тигинтип сындалып отурбайбы. Ошондон кийин үстөккө-босток иши каралып, нанга жетпей отурса, күйбөй турган жорукпу...». [2, 328-329-бб.] IX класс үчүн «Кыргыз адабияты» окуу китебиндеги «Сарала ит» аңгемеси тууралуу талдоо баянында проф. Б. Алымов мына ушундайча лирикалык чегинүү жасайт.

«Сарала ит» анчалык деле көлөмдүү чыгарма эмес, болгону 3,5 бет. Аңгемедеги окуяны автор төмөндөгүдөй киришүү сөзү менен окурманга тааныштырып баштайт:

**«Мурда дээрлик көрүп жүргөн, кадимки бир сарала иттин өмүрү, кийинки күндөргө чейин эсимде сакталып, итке байланыштуу көп ойлорду туудурду. Жандуулар ичинен бул өңдүү тиричиликке жүүнү бош, өзүнө кайдыгер караган немени аз кезиктиребиз. «Дүйнөдөгү ар бир нерсенин жашап турушу – күрөш!» дейбиз. А бирок...**

**Мени да, башкаларды да ойлонто турган ушул сарала иттин тирүү кезинде «ау!» деп бир ирет да үргөнүн жебирер аял короосунан куул чыкканда бөйрөгүнө тийген муштумдай таштын зардабынан болсо да «каңк!» этип койгонун уккан эмесмин. Ит башы менен мынчалык чыдамкайлык жана сабырдуулукту ушунчалык өздөштүрүп алышына эмнелер себеп болгонун билүү кыйын. Айтор, көптөн бери адамдарга белгилүү болгон ойго карата айтсак, ал мүмкүн, жашоо үчүн күрөшүүдөн тажаса керек. Карап турсаңыз, бечара, ар качанда өзүнүн жалпы аалам алдында күнөөкөр экенин сезген немедей кишилерге, малдарга, ал түгүл өсүп турган чөптөргө да жалтана карайт. Эң бир өкүнүчтүү жери, байлоодогу тиши кычышкан иттер да түн ичинде аны көрсө көрмөксөн болуучу, же мүлдө көргүсү келүүчү эмес. Бечаранын башка иттерге деген шыгын айта турган болсок, жолбун итти көргөндө, көкүрөгүндө жаны бар ар кандай ит, кыйратып таштоочудай үрүп жетип бараарын, анан ага кыр көрсөтүп куйругун чагарактатып, а жер, бу жерин жыттап калаарын, андан ары болсо, чийге же куурайга бутун көтөрүп калаарын баарыбыз эле билебиз. Ал эми жолбун ит кезигишип калган күндө Сарала ит ага тик карап койчу беле! Быйпыйып, дайыма тердеп жүрүүчү мала-кызыл мурдун ишке салып, таштандыларды, уңкул-чуңкулдарды жай гана шимшип жүрө берүүчү. Деги анын жүрүшүнүн өзү бир башкача эле. Кажет болгон бир багытты көздөй, алаксыбай шыдыр кетип бара жатканын эч ким билбейт. Бирок бир орунга айланчыктап, шимшилеп көпкө туруп да калуучу эмес. Аны бирде коруктан, бирде көчөдөн, бирде короодон көрүп калчубуз. Күн күйүп турган ысыкта да, бирер бактын түбүндө, тилин чыгарып көлөкөлөп жатканын көрбөдүк».** [5. 168-169-бб.].

Сарала иттин мына ушул адаттан тыш «жашоо-мүнөзүн», «баскан-турганын» – бүткүл «пенделик сапатын тереңден иликтеп-изилдеген калемгер өзүнүн бул шордуу айбан каарманын: «…ал мүмкүн, жашоо үчүн күрөшүүдөн тажаса керек... Өмүрдө кездеше берчү сансыз карама-каршылыктар анын жалынын өчүрүп, баш көтөргүс кылып салса керек. Карап турсаңыз, **бечара, ар качанда өзүнүн жалпы аалам алдында күнөөкөр экенин сезген немедей кишилерге, малдарга, ал түгүл өсүп турган чөптөргө да жалтана карайт**», [5. 168-б.] – деп баяндоого алат.

Сарала ит ырасында эле өз керт башынын аманчылыгы, тынччылыгы үчүн аракет кылбайт. Бүткүл жашоосунда бир да жолу

«арс» этип үрүп койбоду, үстөкө-босток таш менен урушса да, үн чыгарып нааразылыгын билдирбеди. Күчүк кезинде башка иттер сыяктуу эле анын да ээси болуптур. Бирок короого көз болгондук кылып, бир да жолу үн чыгарып үргөнгө жарабаптыр. Ээси анын башка иттерге окшобогон боштугунан тажаганынан бир күнү: «Бар эми, өз күнүңдү өзүң көр», – деп үйүнөн кубалап жиберген имиш. Дегеле итке окшобойт. Ит болуп туруп итке окшобосо, адамга пайдасы болбосо, анын кимге кереги бар? Дал ушул сыяктуу түбү көрүнбөгөн миң-сан суроолорду жараткан бул «Сарала ит» деп аталган чыгарма алгач ирет 1963-жылы «Ала-Тоо» журналынын 12-санында басылып чыккан. Ал жылдары адабиятта адилеттикти, гумандуулукту туу туткан социалисттик реализм принцибинин арааны жүрүп, андан кичине эле четтеген сүрөткерлер жазага тартылып, жазгандары тыптыйпыл жоготулуп, адабий чөйрөдөн аёосуз куулап турган. Анан эле «Сарала ит» жарык көрүп, авторуна «А. Саспаев Сарала итти туура эмес позицияда, калпыс идеяда сүрөттөгөн, Сарала ит эмненин, кимдин образын чагылдырарын түшүнүп болбойт, идеясы так эмес» деген сыяктуу дооматтар биринен сала бири басма сөз беттеринде байма-бай айтылып, жазылып баштаган. Ооба, мында кеп акын, журналист, адабиятчы окумуштуу К. Артыкбаевдин 1964-жылы 23-июлда «Советтик Кыргызстан» гезитинде жарык көргөн «Күн менен Сарала итте эмне айып?» аттуу сын макаласы жөнүндө жүрүп жатат. Жыйынтыгында А. Саспаев Жазуучулар союзунун мүчөлүгүнөн куулуп, жазгандарын басып чыгарууга такыр тыюу салынып, беш жыл бою адабият майданына жолой албай калган.

Мындагы «күн» жаш жазуучу Т. Акматовдун 1963-жылы «Ала-Тоо» журналынын № 3 санына жарыяланган «Күн болбой куруп кал» аңгемесине байланыштуу. [1] Андагы жаш сынчы жана адабиятчы К. Артыкбаев эки башка автордун эки башка чыгармасынын көйгөйлөрүн бир тематикага бириктирип, «Күн менен Сарала итте эмне айып?» деген аталыштагы макаласын жарыялаган болучу. К. Артыкбаевдин пикиринде А. Саспаев аңгемесинин башкы кейипкери «Сарала итти туура эмес позицияда, бүдөмүк максатта, калпыс идеяда сүрөттөп көрсөткөн». [3] Ушундан улам «Советтик Кыргызстан» газетасы К. Артыкбаевдин макаласы тууралуу: «…Кийинки кездерде «Ала-Тоо» журналында чыгармаларды тандоодо принципиалдуу талаптын кыйла бошоңдоп кеткени байкалат. …Ошондуктан жогорку макалада көрсөтүлгөндөй, идеялык жагынан калпыс, ал гана турсун зыяндуу, жалган эстетикалык чыгармалар жарыкка чыгып кеткен», [6] – деп жазып, калыс, адилеттүү пикирин билдиргени белгилүү.

Айтмакчы, профессор К. Артыкбаев аталган макаласында жогоруда эки аңгемеге идеялык жактан дооматын артканы менен, аларды биротоло жокко чыгаруу максатын көздөгөн эмес көрүнөт. И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин доценти Г.К. Устабаева таасын белгилеп кеткендей, «болгону советтик окурман туура тарбия алууга мүмкүн болбогон чыгарманы жаратуу эч пайда алып келбесин гана күн тартибине коюп, «…эч жардамсыз калган кемпир, же жазыксыз өлгөн сарала ит сыяктуу алгылыксыз кокустук, натуралистик көрүнүштөрдү зордоп, жасалма жол менен типтештирүүгө аракет кылбай, доорубуздун күрдөөлдүү арышын көрсөтүүчү мүнөздүү көрүнүштөрдү – башкы нерселерди ылгап алып, алардын тарбиялык маанилерин ачып көрсөтүүгө умтулуулары керек» [6] болучу.

А. Саспаевдин «Сарала ит» аңгемеси өткөн XX кылымдын 90-жылдарынан берки эгемендүүлүктүн, өз оюн, пикирин ачык айтуу эркиндигинин колдоосу менен азыркы учурда өзүнүн татыктуу ордун таап, «Жашоо жөндөмү» эмес, өз аты менен аталуу мүмкүнчүлүгүн алды. Ушунда дале проф. Б. Алымовдун жазганына кайрылалы: «...Эгер жашоого жөндөмүң жок, жүүнүң бош болсо, аркы-беркини аңдабасаң, анда корсуң, тирүүнүн өлүгүсүң, бардык балаа сени издеп табат, өмүрүң акыры бөөдө өлүм менен бүтөт, – деген ойду окуучуга тымызын айткым келген... Ким көрүнгөн кордогон өмүрдө эмне лаззат! Андан көрө өлгөн жакшы... дедим да, Сарала итти өлүм жазасына буйруп, катаал, бирок адилет өкүм чыгардым... Сарала ит турмушта өз үлүшүн алды. Андай кылбаска акым жок эле», – дейт жазуучу өзүнүн жазып берген таржымалында. А. Саспаевдин бул айтканы ал кездеги жазылган сындарга түп-тамырынан карама-каршы. Ачыгыраак айтканда, жазуучу Сарала итти түз маанисинде эмес, турмушта кор болуп жашагандан көрө жашабай койгон артык деген каймана мааниде алып, ал аркылуу адам тагдырын сүрөттөгөн». [2, 321-б.]

Кантсе да жазуучунун бул аталган «Сарала ит» аңгемеси акыры өз ордун тапты окшоду. Жазуучу жана котормочу Ашым

Жакыпбеков өзүнүн «Дербиш» аттуу макаласында: Аман Саспаевди сейрек кездешчү мыкты аңгемечи катары жөндөм-шыгын көтөрө чалып мактап, анын сүрөткерчилик чеберчилигин орус жазуусу А.П. Чеховдун феномен устаттыгы менен тең катар баалайт. Анын айтымында, А. Саспаев кыргыз аңгеме тегин жок эле дегенде бир тепкичте көтөргөндөй. [4]

Оюбузду жыйынтыктасак, бул айтылгандар – азыркы күндөгү көркөм чыгармачылык жамаат, замандаштарыбыз тарабынан түздөн-түз, расмий түрдө кабылданган көз караш-позициялар жана да калемгер А.Саспаевдин «Сарала ит» деп аталган чакан адабий туундусуна карата аалым Б.Алымов менен калемгер А.Жакыпбековдун айтылып-жазылган пикирлери, адабиятчы-окумуштуу, кесипкөй сүрөткер мисал өздүк ой жоруу-корутундулары. Биздин жеке оюбузда, профессор К.Артыкбаевдин аталган кара сөз чеберинин чакан көлөмдөгү адабий туундусу жөнүндө жазып калтырган жекече ой-бүтүмүн, келип токтогон жыйынтык пикирин бир топ эле колдоп койгонубуз туура болчудай. Аталган чакан көлөмдүү адабий туундуда короочу ит баласыбы же адам пендесиби, өзүн өлөр-тирилериңе карабай мушташып, тытышып болсо да коргой албаса, тирүүлүккө деген эрегиште өзүн көрсөтө албаса, анда эле анын жашоого, күнүмдүк тиричилигин бейкапар, өзү билип-каалаганындай кылып өткөрүүгө эрк берилбечүдөй, аны тегерегиндегилер эле жеп-жутуп коёт деген катаал бүтүм чыгарылгандай. Ушундан улам андай пенденин бул тирүүчүлүктө аманчылыкта күн көргөнгө да укуксуз деген таш боор өкүм алдыга жылдырылып отурат. Автордун кынтыксыз логикасына таянсак, бу жарыкчылыкта өкүмзор зордукчулар гана доорону сүрүп, ал эми өз бактысы үчүн күрөшө албаган жармач, жоош жандар кордукта кала берет экен да?! Демек, бул жарык дүйнөдө жомоктук циклоп сымал токмогу күчтүүлөр гана жашап, ал эми өзүн коргой албагандар тепсендиде кала бериши жашоонун бузулгус мыйзамы, мыйзам ченемдүүлүктүн жеткен жери сыяктанат!.. Мындай кылганда болбойт да. Алсыз чымчыктын балапаны да мышыкка жем болбой, тирүүчүлүктө калгысы келет. Аңгемеде баяндалгандай сымак бечера Сарала итти жана ал сыяктанган алсыз жандарды жадесе кибиреп өз тиричилигин тынымсыз эмгектенүү менен өткөргөн кумурскага да залалы тийбеген тынч жашоосунан зордукзомбулук, зөөкүрдүк жолу менен ажыратканыбызда, адамгерчилик, боорукердик, жармачтын жеңилин жерден, оорун колдон алуу туюмдарын кайда катабыз? Кейпи, «Сарала итте» азыркы учурдун бөрү заманы чагылдырылып, ал ай-асманга чыгара макталып даңазаланган сыяктанат. Демек, ошол өткөн кылымдын 60-жылдарындагы жаш сынчы жана адабиятчы К. Артыкбаевдин бул адабий туундунун түпкү идеясы оош-кыйыштуу, так эмес деп чыгарган жыйынтык-корутундусу бир жагынан туура эледей, адилеттүү, калыс айтылганы айныксыздай.

Мындагы баарлашуу сабагы окуучулардын бири-бири менен жакындан ой бөлүшүүлөрү, алдыга коюлган маселе – ошол өткөн XX кылымдын 60-жылдарындагы жаш сынчы жана адабиятчы К. Артыкбаевдин жазуучу А. Саспаевдин «Сарала ит» кара сөз туундусу жөнүндө жазган пикири боюнча өздөрүнүн жекече ой-пикирлерин ачык айтып талашып-тартышуулары, акырында конструктивдүү бир пикирге келип токтолуулары мисал алып барылат. Ушунда К. Артыкбаевдин аталган аңгемеге карата айтылган сынында карманган адилеттүүлүк, гумандуулук позициясы ачыкталып, класстагы окуучуларды ар бир турмуштук жагдайга карата өзүнө гана тийиштүү жекече пикири бар өсүп жетилген инсан, коомдун татыктуу мүчөсү катары калыптандыруу милдети дайым көңүлдүн борборунда турганы ылайык.

**Колдонулган адабияттар**

1. Акматов Т. Күн болбой куруп кал. // Ала-Тоо, № 3.
2. Алымов Б. Кыргыз адабияты. 9-класс үчүн окуу китеби. – Бишкек: Билим-компьютер, 2007, 416-б.
3. Артыкбаев К. Күн менен Сарала итте эмне айып? // Советтик Кыргызстан, 1964, 23-июль.
4. Жакыпбеков А. Дервиш // Кыргызстан маданияты, 1989, 29-декабрь.
5. Саспаев А. Сарала ит. // Жаңы Ала-Тоо, 2012, № 9 (41), 168-172-бб.
6. Устабаева Г.К. К. Артыкбаевдин алгачкы макалаларында полемикалык сындын берилиши. – Режим доступа: jarchy.arabaev.kg.

**Рецензент: пед.и.к., профессор Байсабаев Б.А.**